DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Жолчиев С.Т., Адилбек уулу К.*

# ӨЛКӨБҮЗДҮН КОНСТИТУЦИЯЛЫК РЕФОРМАЛАРЫ

*Жолчиев С.Т., Адилбек уулу К.*

# КОНСТИТУЦИОННЫЕ РЕФОРМЫ СТРАНЫ

*S.T. Zholchiev, Adilbek uulu K.*

# THE CONSTITUTIONAL REFORMS OF THE COUNTRY

*УДК: 34.342*

*Бул макалада мамлекетибиздин жана коомубуздун өнүгүүсү конституциялык өзгөрүүлөргө алып келүүсү, Конституциялык реформанын негизи коомдун өнүгүүсүн камсыз кылууга багытталуусу, Эгемендүү Кыргызстандын конституциялык мыйзамдарынын калыптануусунун тарыхы, заманбап реформаларга жол ачуусу, 1990-жылдын 15-декабрында КРдин мамлекеттик көз карандысыздык тууралуу декларациясынын кабыл алынуусу, мамлекеттибизде конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча Президенттин указдары жана кабыл алынган мыйзамдар, конституциялык реформаларды жүргүзүүнүн себептери, биринчи конституциялык реформанын башталуусу, 1990-жылы биринчи баскычтагы конституциялык реформанны натыйжасында КРдин биринчи Конституциясынын кабыл алынуусу, 1996-жылы экинчи баскычтагы, 1998-жылы үчүнчү баскычта, 2003-жылы төртүнчү баскычта, 2006-жылы бешинчи баскычта, 2007-жылы алтынчы, 2010-жылы жетинчи, 2016-жылы сегизинчи баскычтарда конституциялык реформалардын өткөрүлүүсү, болуп өткөн бул реформалардын негиздери, натыйжалары, өзгөчөлүктөрү, өнүгүп өсүүсү жөнүндө каралган.*

***Негизги сөздөр:** Кыргыз Республикасы, Конституциялык реформалар, өнүгүүсү, кабыл алынуусу, өзгөрүүсү, толукталуусу.*

*В статье расматриваются следующие вопросы, как развитие государства и общества приводит к конституционным изменениям, основы конституционной реформы направлены на обеспечение развития общества, история становления конституционного законодательства суверенного Кыргызстана – путь к современным реформам, принятие Декларации “О независимости КР” от 15 декабря 1990 года, Указы Президента и принятые законы о внесении изменений и дополнений в конституцию в нашем государстве, причины проведения конституционных реформ, начало первой конституционной реформы, в результате первого этапа конституционной реформы 1990 года принятие первой Конституции КР, проведение конституционных реформ: в 1996 году второй этап, в 1998 году третий этап, в 2003 году четвертый этап, в 2006 году пятый этап, в 2007 году шестой этап, в 2010 году седьмой этап, в 2016 году восьмой этап, основы, результаты, особенности, развитие этих проведенных реформ.*

***Ключевые слова:** Кыргызская Республика, конституционные реформы, развитие, принятие, изменения, дополнения.*

*The article examines the following issues, how the development of the state and society leads to constitutional changes, the foundations of constitutional reform are aimed at ensuring the development of society, the history of the formation of the constitutional legislation of sovereign Kyrgyzstan - the path to modern reforms, the adoption of the Declaration “On the Independence of the Kyrgyz Republic” dated December 15, 1990 years, Decrees of the President and adopted laws on amendments and additions to the constitution in our state, reasons for carrying out constitutional reforms, the beginning of the first constitutional reform, aimed at ensuring the development of society, the history of the formation of the constitutional legislation of sovereign Kyrgyzstan - the path to modern reforms, the adoption of the Declaration "On the Independence of the Kyrgyz Republic" of December 15, 1990, Presidential decrees and adopted laws on amendments and additions to the constitution in our state, the reasons for the constitutional reforms, the beginning of the first constitutional reform, as a result of the first stage of the constitutional reform of 1990, the adoption of the first Constitution of the Kyrgyz Republic, the implementation of constitutional reforms: in 1996 the second stage, in 1998 the third stage, in 2003 the fourth stage, in 2006 the fifth stage, in 2007 the sixth stage, in 2010 the seventh stage, in 2016 the eighth stage, foundations, results, features, development of these reforms*

***Key words:** Kyrgyz Republic, constitutional reforms, development, adoption, amendment, addition.*

Мамлекетибиздин жана коомубуздун өнүгүүсү дайыма конституциялык өзгөрүүлөргө алып келет. Коомдук карым- катнаштарда өнүгүү же өзгөрүүнүн талаптарына конституциялык ченемдер жооп бере албай баштаса, анда конституциялык реформаны жүзөгө ашырууга жагдай түзүлөт.

Конституциялык реформа негизи коомдун өнүгүүсүн камсыз кылууга багытталат, коомубуздун жашоосунда ийгиликке болгон бир багыт болуп эсептелет.

Окумуштуу Н.Т. Шерипов “Конституциялык реформа этаптардан турган мамлекеттик институттарды жана укуктук системаны революциялык жана

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



радикалдуу түрдө кулатууга карама-каршы турган эволюциялык прогресс катары мүнөздөлөт” [1] - деп белгилген.

Ал эми окумуштуулар А.Арабаев, Р.Арабаев “Эгемендүү Кыргызстандын конституциялык мыйзамдарынын калыптануусунун тарыхы заманбап реформаларга жол ачкан 1989-жылы 23-сентябрда Кыргыз ССРнин Жогорку Совети кабыл алган Кыргыз ССРнин Конституциясын (Негизги Мыйзамын) өзгөртүүлөр жана толуктоолор жөнүндө Мыйзамынан башталат” [2] - деп белгилешкен.

1990-жылдын 15-декабрында Жогорку Советтин 12 чакырылышынын үчүнчү сессиясында КРдин мамлекеттик көз карандысыздык тууралуу декларация [3] кабыл алынып, 1991-жылы 31-августа эгемендүүлүккө ээ болдук.

Ошентип, *биринчи баскычта* Мамлекетибиздин 1991-жылы Конституциялык реформасы 1990-жылы башталган. Бул баскычта төмөнкүдөй өзгөрүүлөр мүнөздөлгөн. КРдин Президентинин кызматы бекитилип, тунгуч Президенттин шайлануусу, мамлекеттин саясий жана экономикалык түзүлүшүнүн, мамлекеттик жана башка органдардын идеологиядан сырткары болуусунун жүзөгө ашырылуусу, бийликтин бөлүнүү принцибинин таанылуусу жана 1993-жылы 5-майда КРдин Конституциясынын кабыл алынышы. Бул Конституциянын өзгөчөлүгүнө токтолбой кетүү мүмкүн эмес, Анткени, мына ушул конституцияда мамлекетибиздин көз карандысыздыгы, адам жана жарандардын укуктары, эркиндиктери так көрсөтүлүп, мамлекеттик бийликти бөлүштүрүү принциптери менен негизделген.

Окумуштуулар С.Сооданбеков, М.К. Укушев “КРдин 1993-ж. Конституциясы, бир жагынан, кыргыз элинин улуттук мамлекеттүүлүктү куруусунун бүткүл конституциялык тажрыйбасын жалпыласа, экинчи жактан, ал тажрыйбаны мамлекеттик түзүлүштүн жаңы милдеттеринин талаптарына жооп берчү жаңы мазмун менен байытты” [4] - деп белгилешкен.

*Экинчи баскычы* “1996-жылдын 10-февралында референдумга коюлган “Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү” жөнүндөгү мыйзамынын долбоору-1994-жылдын октябрында эл тарабынан киргизилген эки палаталуу парламенттин ыйгарым укуктарын айырмалап чектөөгө, бийликтин үч бутагынын жана Президенттин мамилелерин тактоого багытталган. ”[1]

“1994-жылы 22-октябрындагы референдумдун чечимине ылайык, азыркы Кыргызстандын саясий-укуктук тарыхында алгач ирет Жогорку Кенештин мыйзам чыгаруу жыйыны 35 депутаттан жана эл өкүлдөр жыйыны 70 депутаттан турган эки палаталуу парламент болуп калган. ” [5]

*Үчүнчү баскычта “*КРдин Конституциялык реформасы 1998-жылдын 17-октябрдагы референдумдун натыйжасында, конституцияга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилди”, [4] Президенттин Указы менен Конституцияга өзгөртүүлөр киргилип, анда Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу жыйыны 60 депутаттан жана эл өкүлдөр жыйыны 45 депутаттан болуусу бекитилген, депутаттык кол тийбестик институту киргизилген, Республикалык казна тууралуу чемдерге да өзгөрүүлөр киргизилген, конституциялык түрдө менчиктин формаларынын акыркы тизмеси аныкталган.

*Төртүнчү баскычы* Президенттин 2003-жылы 13-январындагы КРдин референдум өткөрүү жөнүндөгү Указы менен башталып, ошол эле жылдын 18-февралында “КРдин Косититуциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу” мыйзамы 2003-жылдын 2-февралындагы референдумда кабыл алынган.

*Бешинчи баскычы* 2006-жылдын 9-ноябрында КРдин Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө мыйзам, ЖК тарабынан ошол эле жылдын 15-январында кабыл алынган 2007-жылдын 15-январындагы №2 КРдин Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндө мыйзамы (2007-жылы Конституциялык соттун чечими менен күчүн жоготкон), кыска мөөнөттө мурда күчүнөн кайткан эки мыйзамды иштеп чыгуу жана кабыл алуу менен мүнөздөлгөн [6].

Бул баскычтын өзгөчөлүгү конституциялык реформа мамлекетте бийлик алмашуу жана төнкөрүштөн кийин жүргүзүлгөн. Конституциянын жаңы редакциясын кабыл алуу менен Конституцияга өзгөртүүлөр, толуктоолор киргизүүнүн мөөнөтү жакын болгон.

*Алтынчы баскычы* 2007-жылы 21-октябрда рефендумда кабыл алынган ошол эле жылдын 23-октябрдагы “КРдин Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндө” мыйзамын кабыл алуу менен конституциялык реформанын улануусу мүнөздөлгөн. Бул конституциянын жаңы редакциясына ылайык, белгилей кетүүчү өзгөрүүлөрдүн бири Президенттин ыйгарым укуктары Премьер-министрге, ЖКга Өкмөттүн түзүлүшүн киргизүүгө макулдук берүү укугу менен толукталган.

*Жетинчи баскычы* 2010-жылы 27-июнда референдум аркылуу КРдин жаңы Конституциясын кабыл

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



алуу менен мүөздөлгөн. Бул Конституциянын өзгөчөлүгү мамлекеттибизде парламенттик башкаруу таризинин кирүүсү жана өнүгүүсү болгон.

*Сегизинчи баскычы* КРдин Президенти 2016-жылдын 28-декабрда Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө мыйзамына кол койгон [7], 2016-жылдын 11-декабрындагы референдум КРдин мыйзамына ылайык дайындалып өткөрүлгөн. Бул Конституцияда 114-берененин 26-беренесине өзгөртүүлөр киргизилген, белгилей кетүүчү өзгөчөлүктөрдүн бири Өкмөттүн ыйгарым укуктары бекемделген. Ошентип, өлкөбүздүн тарыхында Конституциябызга жасалган реформалары жогорудагы баскычтарды басып өтүү.

**Адабияттар:**


1. Шерипов Н.Т. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугу. - Бишкек, 2015.
2. Арабаев А., Арабаев Р.Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугу. - Бишкек, 2014.
3. Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинин ведомосттору – 1990. - №21. - С. 318.
4. Сооданбеков С.С., Укушев М.К. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугу. - Бишкек, 2001.
5. Арабаев А.Современный Кыргызстан: государственно-правовое развитие. - Бишкек: Право и политика, 2009.
6. Бейшеналиев З.Ш., Ракимбаев Э.Н. // Вестник КГЮА, №4. - 2013.
7. Садыков Н. Изменение Конституциии и судебная реформа. - Б., 2017.